Дидактика

№4 (31) апрель, 2024-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# Өкмөт башчы лекция окуду




Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы-Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси Акылбек Жапаров өлкөдөгү 5 жогорку окуу жайдын, анын ичинде ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы жана студенттери үчүн онлайн форматта лекция окуду.



Минкаб башчысы дүйнөлүк экономикалык тенденциялар, өкмөттүн ишинин артыкчылыктуу багыттары, өлкөдө жүргүзүлүп жаткан реформалар, стратегиялык инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашыруу жана Министрлер Кабинетинин 2024-жылга карата пландары тууралуу айтып берди.

Ошондой эле жолугушууга катышкандардын суроолоруна жооп берди.

# Саламаттык сактоо министри ОшМУда



Министр Алымкадыр Бейшеналиев университеттин ректору, профессор Кудайберди Кожобеков менен жолугушуп, медициналык билим берүү, медициналык клиникалары боюнча кызматташтыктар тууралуу пикир алышты. Ошондой эле окуу жайдын санариптештирүү багытындагы жасалган иш-аракеттер тууралуу маалымат алды.




Иш сапардын алкагында министр ОшМУнун курулуп жаткан 7 кабаттуу медициналык клиникасынын курулуш иши менен таанышты. Андан соң ОшМУнун Ак-Буура кампусунда "Ден соолук" кербенинин, университеттин медициналык клиникасынын ишмердүүлүгүн көрүп чыкты. Кампуста жайгашкан Медицина, Эл аралык медицина факультеттеринин окуу-илимий лабораториялары, виртуалдык клиникалары менен таанышып, профессордук-окутуучулук курамы жана медициналык клиниканын кызматкерлери менен жолукту.

# Иманалы Айдарбековдун 140 жылдыгы өттү

ОшМУда Кыргызстандын көрүнүктүү коомдук жана мамлекеттик ишмери, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун жетекчиси Иманалы Айдарбековдун 140 жылдыгына жана ОшМУнун 85 жылдык маарекесине арналган “Иманалы Айдарбеков – биринчи жетекчи” аттуу илимий-практикалык конференция болуп өттү.

Конференцияга Жогорку Кеңештин депутаттары Жанарбек Акаев, Чингиз Айдарбеков, Марлен Маматалиев, Эльдар Абакиров, Азамат Исираилов, Гулкан Молдобекова, Айсулуу Мамашова, Президенттин кеңешчиси Арслан Койчиев, профессор Зайнидин Курманов, "Мурас" фондунун төрагасы Кыяс Молдокасымов, Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Абазбек уулу, ЖОЖдордон келген окумуштуулар, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү катышты.

Конференцияда Иманалы Айдарбековдун Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө жана экономика тармактарынын өнүгүшүнө кошкон салымы, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн кайра жаралуусуна, Кыргыз Республикасынын толук эгемендүүлүгүнө жана өз алдынчалыгына жетишүүсүндөгү кошкон салымы боюнча сөз болду.

Иш-чаранын алкагында ОшМУнун бизнес жана менеджмент факультетиндеги И.Айдарбеков атындагы



“Мамлекеттик башкаруу” кабинетинин ачылыш аземи өттү.

И. Айдарбеков 1884-жылы Чүй облусунун Сокулук районунда туулган. 1924-жылы Кара-Кыргыз Автономиясынын мамлекеттик бийлик органдары Ташкенттен Бишкекке которулган. 1991-жылы сөөгү «Ата бейит» көрүстөнүнө кайра коюлган.

# Кичи футбол: ректордун кубогу өттү

ОшМУнун 85 жылдык маарекесине карата ЖОЖдор аралык уюштурулган кичи футболго өлкө боюнча ЖОЖдордон келген 40 жашка чейинки жана 40 жаштан жогорку профессордук-окутуучулук курам жана кызматкерлерден түзүлгөн командалар катышты.




Мелдештин башталышында ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков баштаган ректорат жамааты жана окуу жайдын факультеттеринин декандарынан түзүлгөн командалар жолдоштук беттеш өткөрүштү.

Кичи футбол боюнча турнирдин жыйынтыгында 40 жаштан жогорку командалар ортосунда 1-орунду ОшМУнун командасы, 2-орунду Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин командасы, 3-орунду ОшТУнун командасы жеңди. Ал эми 40 жашка чейинки командалар арасындагы мелдеште 1- орунду ОшМУнун командасы, 2-орунду ЖАМУ-нун командасы, 3-орунду ОшМУнун ФМТИТ институтунун командасы ээледи. Жеңүүчүлөргө ректордун кубогу, дипломдор, акчалай сыйлыктары тапшырылды.

# Кытайдын белгилүү дизайнери ОшМУда

Кытай жибек искусствосунун дизайнери, “Фан Яньянь” брендинин негиздөөчүсү, бел-гилүү арт-дизайнер Фань Яньянь баштаган делегация ОшМУга келди. Делегациянын курамында белгүлүү дизайнерлер Ли Фэн, Гун Чэн, режиссер, жазуучу Чжоу Синь, Билим берүү жана илим министринин коомдук кеңешчиси, Бишкек мамлекеттик университетинин алдындагы Конфуций институтунун директору Гүлзат Исаматова да бар.

Коноктор алгач окуу жайдын Кыргыз-кытай, искусство факультеттери менен таанышты. ОшМУнун башкы имаратында Искусство факультетинин окутуучулук курамынын сүрөт, декоративдик колдонмо өнөр көргөзмөлөрүнө күбө болушту.

Фань Яньянь өз сөзүндө Улуу Жибек Жолу көргөзмөсүндө Орто Азиянын маданияты үчүн аянт ажыратылганын, ага ОшМУдан да катышса болорун,



ошондой эле Кытайдын Түндүк-Батышында жайгашкан Дуньхуан шаарында өзүнүн жеке музейи бар экенин, ал жерге туристтер көп келерин, андыктан кыргыз искусствосун жайылтууга ал жерде да мүмкүнчүлүк бар экенин айтты.

# Кадрдык адистер билимин жогорулатты

Жалпы түштүк аймагындагы окуу жайлардын, билим тармагындагы мекемелердин кадр бөлүмүнүн, укук иштер бөлүмүнүн, эсеп бөлүмүнүн кызматкерлери үчүн кадрдык иш кагаздарын жүргүзүү боюнча адистерге тренинг уюштурулду.

Эки күндүк тренингде КРдин жогорку категориялуу кадрдык иш кагаздарын жүргүзүү боюнча эксперти, тренер, персоналдарды башкаруу боюнча консультант Чолпон Адамалиева билими менен бөлүштү.

Иш-чара ОшМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы Гулсара Турдубаеванын демилгеси менен окуу жайдын ректорунун колдоосу астында ОшМУнун базасында уюштурулду.

# ОшМУ жараксыз жерди токойго айлантууда



Өзгөн районуна караштуу Курбу-Таш айылында ОшМУ тарабынан аткарылып жаткан "Курбу-Таш токой" долбоорунун алкагында эки миңден ашуун арча, карагай, кайың жана жаңгак көчөттөрү отургузулду. Бул жылга аталган долбоордун алкагында 7145 түп көчөт отургузуу пландалган.

Иш-чара ОшМУнун комплекстүү "Курбу-Таш тоо токой питомниги" бизнес инкубаторун уюштуруу долбоорунун негизинде Ага Хан Фонду, "ЮгЛес" коомдук фонду жана Жалпак-Таш айыл өкмөтү тарабынан биргелешкен өнөктөштүк долбоорунун алкагында уюштурулду.

Ага Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин, Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин студенттери катышты.

Иш-чара КРдагы жашылдандыруу жана токойлорду кеңейтүү долбоорунун алкагында өткөрүлдү. Жашылдандыруу боюнча Ага-Хан Фондунун бул демилгеси Кыргыз Республикасынын “Жашыл Мурас” өнөктүгүнө салым кошуп, өлкөдөгү климаттын өзгөрүшүнө каршы туруктуулукту калыптандырууга багытталган.

# ОшМУда Робототехника борбору ачылат



ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков Кытайдын Jiangsu Huibo Robotics компаниясынын кардарлар менен иштөө боюнча бөлүмүнүн директору Ли Ся баштаган өкүлдөрү менен ОшМУда Робототехника окутуу жана лаборатория борборун ачуу, робототехника жаатында адистерди даярдоо боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында ОшМУ менен Jiangsu Huibo Robotics компаниясынын ортосунда эки тараптуу кызматташуу келишимине кол коюлду. Келишимге ылайык жаңы окуу жылынан тарта Робототехника окутуу жана лаборатория борбору ишке кирет. Ошондой эле ОшМУнун алдындагы Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунда кытайлык партнер университет менен бакалавр багытында робототехника адистиги биргелешип ачылат.

Жолугушуунун алкагында тараптар ОшМУнун №12 Кесиптик лицейинде курулуш иштери жүрүп жаткан окуу-өндүрүштүк корпусу менен таанышты. Окуу-өндүрүштүк корпусунун бир бөлүгүнө Робототехника окутуу жана лаборатория борбору ачылат. Борборго аталган компания тараптан робототехника адистигине ылайык техникалык жабдуулар алынып келинет. Робототехника адистигинде билим алган студенттер 2 баскычта билим алат. Биринчи баскычта роботторду үйрөнүшсө, экинчи баскычта робот тетиктерин чогултуу боюнча билим алышат.

Jiangsu Huibo Robotics компаниясы 2001-жылы негизделген. Учурда Кытайдын бир топ шаарларында заводдору, филиалдары, лабораториялары бар. Жалпысынан өндүрүшкө керектелүүчү, завод-фабрикаларда колдонулуучу роботторду иштеп чыгарат. Билим берүү тармагында да бир нече долбоордун үстүндө иштешет.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# Агай

1970-жыл. Көктөн күткөнүбүз жерден табылып, насип буйруп, 900дөн ашыгыраак абитуриенттердин ичинен студенттикке өткөн элүүбүз ырдап-чордоп, сүйүнүп Алайга чөп чабыкка барып келгенбиз.

Жаңылбасам, азыркы 109-аудиторияда отурсак шыңга бойлуу, мурду кырдач, чачын анча-мынча ак баскан агай менен пакене бойлуу, чачтары капкара агайлар кирип келишти. Баарыбыз дароо ордубуздан туруп саламдаштык. Көрсө, биринчиси факультеттин деканы Сүйүнтбек Ибрагимов, экинчиси окутуучу Кутубек Оморкулов экен. Декан агай Кутубек Оморкуловду бизге куратор деп тааныштырды. Мына ошол күндөн ушул күнгө чейин Кутубек агайды ээрчип келе жатамын.

1-курстан 4-курска чейин агай бизди жетектеп келди. Ал кезде жаз келери менен пахтанын түбүн жумшартканга, июндан августка чейин чөп чабыкта, сентябрдан декабрга чейин пахта теримде иштер элек. Норма деген болчу, аны аткарбасаң, ошол саат, ошол күндөн баштап студенттиктен айдаласың. Демек, өл-тал, бирок норманы аткар.

Азыр эстеп отуруп, өзүмдүн курбу-курдаштарымдын эмгекчилдигине,эң негизгиси адамгерчиликтүүлүгүнө тан берип, ыраазы болом. Кимбирөөбүз кайсыбир себептерден улам нормага жетпей калсак, аздан болсо да бөлүшүп, колдоп-пештеп кетээр элек. Мейли иште, мейли окууда, мейли спорттук же маданий иш-чараларда болсун, артта калуу деген болчу эмес. Баарында, алдыда гана болууга умтулчубуз. Анткени биз өзүбүздү окуткан агай-эжелерди уятка калтыргыбыз келчү эмес. Ошондогу агайларыбыз Кутубек Оморкулов, Курбанбай Калдыбаев, Жээналы Шериев, Акбаралы Сыдыков, Сали Гапаров, Жумаш Мамытов, Кайыр Жээналиевдер бизге илим-билим гана берген жок, турмушту тааныгты, инсан катары калыптануубузга өзгөчө салым кошушту.

Ал эми Кутубек агай куратор катары дайым биз менен бирге болду. Токтоо, сабырдуу, эч бир калыбынан жазбаган, үн көтөрүп, ачуулануу дегенди билбеген, алпейим мүнөзү менен баарыбыздын сый-урматыбызга тез эле ээ болгон. Кечиримдүүлүгү да башкача болчу. Бир окуяны айтып бербесем, сөзүм кургак болуп калар. 1-курстабыз. Токо (ф.и.д., маркум Токтосун Аширбаев), – завхоз, Камбар Доорoнов деген жигитибиз – от жаккыч, Гүлшайыр Бакирова (ф.и.к., проф. Т.Нуруевдин жары), Сүйүмкан Алмамбетова (көзү өтүп кетти) – ашпоз. Калганыбыз – теримчилербиз. Кечки тамак ичип, эми оюн баштайлы деп турганда, Камбар келип: «Азыр Кутубек агай чогулуш өтөт экен, баарыңар шыйпандын алдына топтолгула» деп калды. Топтолдук, агай да келди. Бир маалда «Аширбаев кел менин жаныма» деп чакырып алып, бизге «Бул ким?» деп кайрылды. Баарыбыз жарышып «Токо» дедик. «Силер үчүн Токо, мен үчүн ким» деп дагы суроо ыргытты. «Сиздин студентиңиз»,– дедик жалпы. «Окутуучу менен студенттин айырмасы болобу же жокпу?» деди агай. Албетте, «Болот» дедик хор менен. «Андай болсо, Токо досуңарга окшоо түшүндүргүлө, эртең чогулушубузду улантабыз» деди да, агай өзүнүн комнатасына кирип кетти.

Токонун жакын достору Абдыманап Жалилов (азыр БатМУнун профессору), Уламсабыр Акматов (коомдук ишмер), Тыныбек Нуруев (ОшМУнун профессору), Байыш Төлөнов (ЭлТРдин кызматкери), арасында мен да бармын, «Токо, эмне болду?» деп сурай баштадык. Анын баарын майда-чүйдөсүнө чейин айтып отуруунун анчалык кажети жок, кыскасы Токо Кутубек агайга: «Сиз менин ким экенимди билбейсиз? Менин кадырымды билбейсиз? ж.б.д.у.с.» деген сыяктуу сөздөрдү айтыптыр. Эми гана 1-курска кабыл алынган студенттин агайына батынып мындай сөздөрдү айтышы кайсы жагынан караба, жөнсүз, ыңгайсыз. Бул үчүн жөн эле окуудан чыгарып салса болот. Ошондо баарыбыз агайдын комнатасына кирип кечирим сурадык. Кутубек агай: «Мен да жаш болгом, силерди түшүнөм, бирок ушундай кыялдыңарды башкаларга көрсөтсөңөр уят болот, бул биринчиси жана акыркысы болсун» деп жылуу-жумшак узатып койду. Эгер, агайдан башка адам болсо, окутуучуга жасаган өйдөдөгүдөй мамилеси үчүн Токо досубузга ар кандай чара көрсө болот эле, ага анын мүмкүнчүлүгү да бар болчу. Бирок, анткен жок. Бул аркылуу агай биздин арабызда өзүнүн кадырын дагы бир жолу көтөрүүгө жетишсе, экинчи жагынан кыргыз тил илиминин деңгээлинин өсүшүнө ошондо эле салым кошуптур. Анткени Токо досубуз, кийин биздин факультетте иштеп жаткандардан биринчи болуп илимдин докторлугун жактады, окуу китептери үчүн Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болду. Кутубек агайдан башка куру намысчыл бирөө болсо, кескин чара көрмөк. Мындай окуялар кийин ар кимибиздин башыбыздан өттү. Ошондо Кутубек агай күнөө биздин өзүбүздө турса да, ар дайым биздин таламды талашып, коргоп, окууну аман-эсен бүтүп кетишибизге чоң себепчилерден болгон.

Дагы бир окуя. 2-курста тайпабыз менен Арстанбапка бармак болдук. Агайдан келинчегин, балдарын бирге ала баруусун өтүндүк. Кечкисин Тыныбектин (Нуруевдин) үйүндө мейманда болдук. Ал мезгилде институттун окутуучусу дегендин эл арасындагы кадыр-баркы азыркы депутаттардыкына караганда бир топ жогору болчу. Айылдын ак сакал-көк сакалдары келди. Алар Кутубек агайдын ар бир сөзүн кызыгуу менен маани беришип угушуп, кээ-кээде «Көп жашаган билбейт, көптү окуган билет» деген чын тура дешип, агайды коштоп, тынымсыз сүйлөтүп отурушту. Ошондо мугалим аудиторияда же класста гана эмес, жалпы элдин арасында да агартуучу, таалим-тарбиячы болуш керектигин мен өзүм биринчи жолу аңдап-сезгенмин.

Агай – Аалы Токомбаев жазгандай: «Сыртым кашаң, ичке берип канатты, Тагдыр мени так ушундай жаратты», сыртынан кашаң, комсоо көрүнгөнү менен, ичине көп сыр каткан инсан. Окуган лекцияларынын мазмундуулугу, илимий тыянактарынын тереңдиги, удулу келгенде айтчу тамаша кептери, элдик ырларды, төкмөлөр менен кесипкөй адабияттын өкүлдөрүнүн ыр саптарын бабына келтирип айткандары– биз үчүн өзүнчө бир чечендик өнөрдүн мектеби болгондугун шакирттеринин бири да тана албайт десем, жаңылбаймын. Кыргыз адабиятынын тирүү классиги Сүйүнбай Эралиевдин поэзиясына көрүнгөн эле адам батына бербеши анык. Мына ушунун өзү эле, агайдын ыр жандуулугун, дүйнөнү, турмушту акындын көзү менен карап, акындын көзү менен баа берген сезимталдыгын ырастап турбайбы. Албетте, агай том-том китеп жаза алган жок. Аз жазды, бирок саз жазды. Менимче, ал кишинин жараткан томдору, жазган эмгектери анын жолун жолдоп келе жаткан шакирттери деп ишенимдүү айта аламын. Кутубек агай ушул институттун Дүйшөндөрүнүн бири десем, эч бир чындыктан аша чаап кеткен болбоймун.

1974-жылы окууну аяктап, баарыбыз өзүбүздүн айылдарга тарап кеттик. Кээ-кээде гана гезит-журналдардан окуп калбасак, агайлар менен анчалык деле байланышкан жокпуз. Достор болсо, бири-бирибизге маал-маал кат жазышып турдук. 1977-жылы Абдыманап Жалилов педагогика факультетинин башталгыч класстарда кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасына окутуучу, андан кийин ушул эле факультеттин педагогика кафедрасына окутуучу болуп Тыныбек Нуруев, 1978-жылы филология факультетинин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасына Токтосун Аширбаев, Суусар Искендерова (азыр ф.и.д., БГУнун илимий иштер боюнча проректору), 1980-жылы ушул кафедрага келип мен да ко-шулдум. Буларды санап жатканымдын себеби, бул иштердин баарына Кутубек агайдын түздөн-түз тиешеси бар. Көрсө, 1978-жылы Кыргыз тилин жана адабиятын окутуу методикасы кафедрасы ачылып, ага башчы болгон Жээналы Шериев «Кутуш, баягы сен куратор болгон группада мыкты студенттер бар эле, ошолорду таппайсыңбы, ишке алалы» деп өтүнүптүр. Ошондо агай Токону баш кылып бир топтордун аттарын атаптыр.

Менин бул жерге келип калышыма да Кутубек агай менен Акбар агайдын салымы чоң. 1980-жылы май айында аты аталган эки агай жана Намазбек агай менен Садыбакас агай биздин райондун мектептерин текшерип жүрүшүп, биздин мектепке да барып калышты. Көрсө, агай Токодон «Жаңы-Жолдо до-сторуңдан ким бар?» десе, менин дарегимди айткан экен. Анын үстүнө Кутубек агай биздин мектептин директору Тажимырза Култаев менен институтта бирге окушуптур.

Кыскасы, агайларга биздин айылдын тузу буйруган экен. Мектепти көрүштү, кааналарды кыдырышты. Агайларга үйдөн чай бердим. Анда ыраматылык атам да, апам да бар. Ошондо «Менин баламдын үйүнө да ушундай куттуу коноктор келет тура» дешип, кубанычтары ичтерине сыйбай, абдан сүйүнүшүп, тапкан-ташыганынын баарын жайнатышкан. Узатып жатканда, Ак-бар агай менен Кутубек агай «Сени Жээналыга айтабыз, ушул келаткан жаңы окуу жылынан институтта иштейсиң» дешип жөнөп кетишкен. Ошол-ошол болду, 1980-жылдын 9-сентябрында ушул куттуу окуу жайда өз эмгек жолумду баштагамын.

Бул жерге келгенден кийин, Кутубек агайды мурда студент катары билсем, эми бирге иштешкен кесиптеши катары биле баштадым. Эң биринчи, агайдын мыкты адам, чыныгы инсан экендигин баамдадым. Айтканы менен аткарган иши дал келээрине, колдон келишинче калыстыктан тайбай бекем турарына көзүм жетти. Бул кишиде эки жүздүүлүк, кошоматчылык, кийин пайда-зыяны тийип калбасын деген куулук жок экендигине ынандым. Экинчиден, сыртынан комсоо көрүнгөнү менен ички дүйнөсү бай, сөзгө, айрыкча, көркөм сөзгө өзгөчө маани берген, ыр жандуу, адабиятты, анын актуалдуу проблемаларын мыкты билген чыныгы илим-билимдүү адис экендигине ынандым. Анын бул сапаты өзү окуган дарстарда гана эмес, той-тамашаларда, кече-жолугушууларда да ачык байкалчу. Үчүнчүдөн, агайдын чыныгы таалим-тарбиячы экендигин көрдүм. Муну анын үй-бүлөсүнө, өзүнүн шакирттерине жасаган мамилесинен ачык байкоого болот. Төртүнчүдөн, агай жөнөкөй, жөнөкөй де-се кээ бирөөлөр улуу-кичүүнүн арасында өз ордун билбей, кийими деле, кеби деле өзүнө жарашабы-жарашпайбы, ага карабай жүрө берген жөнөкөйлөрдөн эмес, сөөлөтү, сөзү, баскан-турганы өз ордунда, өзүн да, өзгөлөрдү да баалай билген нукура кыргыз элине таандык жөнөкөй инсандардан. 33 жылдан ашыгыраак бирге иштеп жүрүп, агайдын көпкөнүн, бирөөгө сын тагып сүйлөгөнүн, ким бирөөнү какканын көргөнүм жок. Эң катуу айткан сөзү «Ээ, болбогон бала турбайсыңбы», ушунча жыл бирге жүрүп муну дагы бир-эки жолу гана айтканын



укканым бар. Бешинчиден, агайдын өзгөчө касиети – өзүнүн ийгилигине кара-ганда, шакирттеринин жетишкендиктерине өтө катуу кубана алгандыгы. Кай жерде, кандай шартта, ким менен отурба, агай Токтосундун, Манаптын, Тыныбектин ж.б. ийгиликтерин санап айтып, мактаганы мактаган. Алтынчыдан, агайдын өзүнүн кесибин өтө сүйгөндүгү, ага берилгендиги. Муну– себеби жок бир да сабагын калтырбагандыгы, окуучу лекцияларынын мазмунун улам жаңылап, адабият таануунун жаңы табылгалары менен байытып тургандыгы-нан көрсөк болот. Жетинчиден, агай факультеттин гана эмес, университеттин ар түрдүү багыттагы иштерине активдүү катышып келгендиги. Ушул чоң жа-мааттын Ардагерлер кеңешин 10 жылдан ашык башкаруунун өзү эле окуму-штуу-окутуучуларынын агайга болгон сый-урматын, кадырлап-барктоосун көрсөтүп турат. Эң негизгиси, Кутубек агай – мыкты жар, камкор ата, мээрим-дүү чоң ата, таята. Гүлүйпа эже экөө үлгүлүү үй-бүлө кандай болорун өз турмуштары аркылуу ырастап, тастыктап келет.

Бизди окуткан Акбар агай, Жээналы агай, Сали агай, ошолордун ичинде Кутубек агай да илимий, агартуучулук, таалим-тарбиялык мектептерин түзө алышты. Ал мектептен ф.и.д., профессор Токтосун Аширбаев, ф.и.к., профес-сор Абдыманап Жалилов, ф.и.к., профессор Тыныбек Нуруев, ф.и.д., профессор Суусар Искендерова, ф.и.к., профессор К.Коңкобаев, ф.и.д., профессор Бурул Сагынбаева, ф.и.д. Асылбек Эшиев, п.и.д., профессор Абдыкерим Муратов, ф.и.д., профессор Каныбек Исаков, ф.и.к., ЖаМУнун профессору Анара Кадырова, п.и.к., доцент Мариям Райымбекова, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Байыш Төлөнов, кыргызга таанымал акындар Атантай Акбаров, Карбалас Бакиров, коомдук ишмер Уламсабыр Акматов, бүгүн бизде иштеп жатышкан шакирттери ж.б. учуп чыгышып, агайлар баштаган улуу жолдун учугун үзбөй татыктуу улап келатышат.

Кутубек агай! «Агай» деген, болгондо да, «агайлардын агайы» деген улуу наамга баары эле татыктуу боло беришпейт. Сиз бул ары улук, ары ыйык наамга күн тыным, түн уйку билбеген ак эмгегиңиз, терең билимиңиз, бийик адамгерчилигиңиз менен жеттиңиз. Дайым бар болуңуз, дайым биз ме-нен болуңуз. Өзүңүз окуткан «Манастагы»: «Алдыда жүрсө ак жолтой, артта жүрсө сан колдой», «Капилеттен сөз тапкан, караңгыда көз тапкан», «Акылы мол дарыя, айткан сөзү жарыя, адилеттүү карыя» болуп, көзүңүздөн нур, сөзүңүздөн ыр кетпей, өмүр сапарыңыз узак-узак болушун чын дилден каалап, шакиртиңизден иниңизге айланган Сатканбай Момуналиев.

**Сатканбай Момуналиев,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор**

# ЖАН ИЛИМИНИН УСТАТЫ 70 ЖАШТА

Жарым кылымга жакын Ош мамлекеттик университетинде иштеп таалим - тарбия, илим изилдөө жумушунда жигердүү эмгектенип келе жаткан психология илимдеринин кандидаты, профессор Закиров Акимжан агайыбыз быйыл жетимишинчи жазын тосуп аткан учур.

Агай 1954-жылы Ош облусунун Алайкуу аймагында, "Ой-Тал" айылында төрөлгөн. Онунчу класcты аяктагандан кийин, өз айылындагы "Ой-Тал" колхозунда чабандын жардамчысы болуп эмгек жолун баштаган. 1973-1975-жылдары Советтик армиянын катарында кызмат өтөгөн. Илимпоз-педагог болууну көксөгөн демилгелүү жаш улан Ош шаарындагы, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика адистигине 1975 – жылы кирип, аны 1979 – жылы ийгиликтүү бүтүрүп чыккан. Советтик армиянын кызматын өтөп жаткан мезгилинде Ленинград (азыркы Санкт–Петербург) шаарында, электрик адистигинде окуп, "төртүнчү разряддагы электрик" деген адистикке ээ болгондуктан, үчүнчү курстан физика лабораториясына лаборанттык кызматка алынган. Ошол күндөн ушул күнгө дейре ОшМУда эмгектенип, жаш адистерге психология предмети боюнча билим берип келе жатат.

Студенттик мезгилде "аалам таануу" илимине кызыгып, сабак берген профессорлор Ф.Н. Заитовдун, В.И. Сидлеренконун, Б. Араповдун, Ш. Исмаиловдун, М. Папиевдин, Ж. Эгембердиевдин ж.б. агайларынын илимий семинарларына, атайын курстарына катышып, ааламдагы галактикалык планеталар жөнүндө ой жүгүртүп, алардын аралыгындагы гравитациялык күчтүн мыйзам ченемдерин табуунун аракетинде, бир катар рефераттарды, илимий докладдарды даярдап, конкурстарда баалуу сыйлыктар менен сыйланып, бул проблемалар тууралуу илимпоздорду дагы ойлондуруп келген.

Орустун улуу философу А.Н. Кочергиндин "... илимпоздун жумушуна карап, анын руханий дүйнөсүн таанууга болот" деген инсандарга берген шилтемесине таяна турган болсок, агай жаш кадрларды жан дили менен тарбиялап, адистикти берген устат. Ошол эле мезгилде дүйнө таанымы өзү теңдүүлөрдөн жогору болгон илимпоз, өз элинин патриот инсаны, коомдук жагдайды туура түшүнгөн саясатчы, чет элдик илимпоздор менен тыгыз байланышкан дипломат, жаштарды тарбиялоодо жигердүү окутуучу жана үй – бүлөдөгү сүйүктүү ата, чоң ата, таята. Балдары жогорку билимдүү: өкмөттүк жооптуу кызматтарда иштесе, кичине кызы Аксана илимдин доктору, Германиянын Берлин шаарындагы Гумболд университетинде иштейт.

Акимжан агай алгачкы жылдан бери лаборант, окутуучу, ага окутуучу, доцент, профессор кызматтарын аркалап иштеп келе жатат. Ал бир эле окутуучулук



кызматта иштей бербестен, Ош шаарындагы ички иштер башкармасында, ӨКМдин кызматчыларына, орто жана жогорку окуу жайлардын профессор-окутуучуларына психология боюнча кеңеш берип, лекцияларды окуп, керектүү жарандарга психологиялык тренингдерди өткөрүп, психологиялык жактан жардамын көрсөтүп, эл кызматында. Айрыкча тергөөчүлөргө сот жумушуна керектүү болгон, "Соттук психологиялык экспертиза" багытындагы жумушта, кылмышкердик абалдарды так таанууну уюштуруп келүүдө.

Агайдын физика адистигинен кантип психология адистигине өткөндүгү кимди болсо да кызыктырбай койбосо керек. Бул окуя өзүнчө сөз кыла турган маалымат. 1980-жылы физика адистиги боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, аспирантурага кириш үчүн Эстония Республикасындагы (Тарту шаары) жарым өткөргүчтөр боюнча иштеген Иоффе атындагы илим изилдөө институтуна барып, макулдук кат алып келсе, качан максаттуу аспирантурага орун ОшПИге келгенде, деканаттагылар агайдын ордуна башка адамды жиберип ийишкендиктен, агай бул багытта иш алып бара албай калган. Ушул окуядан кийин 1981-жылдын март айында ОшПИнин ошол мезгилдеги ректору Сулайман Жумагулов, жаш адистерди өзүнө чогултуп "... мен институтка келгенден бери анча маани берген эмес экемин, бизде азыркы замандын талабына өтө керектүү "психология" адистигинде бир дагы квалификацияга ээ болгон жергиликтүү адис жок экен, ушул кызматка ким өтөт" дегенде, бири дагы мен өтөм деп айта алган эмес. Ошондо Закировдон башкаңар бара бергиле, сен мага жакын отур. Сен коркпо, мен жардамымды берем. Ушул жылдын сентябрь айынан Москвадагы М.В. Ломоносов атындагы университеттин психология факультетине жөнөтөм, окуп келесиң, азыр арызыңды жаз, педагогика-психология кафедрасына психолог мугалим болуп бар" деп жөнөткөндөн бери психолог мугалим болуп калганмын деп сыймыктануу менен айтып берди.

Ошентип, 1981, 1985-1987-жана 1992-жылдары Москва шаарындагы М.В. Ломоносов атындагы университеттен билимин өркүндөтүп, аспирантурадан өткөн. 1994-жылы ошол жерден психология багытындагы кандидаттык диссертациясын коргоп, 2000 – жылы доценттик наамын алган.

1990-1991- жылдары ОшМУнун "Балдар психологиясы", 1995-2006-жылдары "Психология" кафедраларынын башчысы. Ушул жылдары, университеттеги 105 кафедранын ичинен "эң мыкты кафедра" деп табылып, окутуучулардын сүрөтү, кафедранын аты беш жыл бою университеттин Ардак тактасында илинип турган. Андан кийин 2006-2008-жылдары ОшМУнун "педагогика жана дене тарбия" факультетинин деканы, 2008-2009-жылдары ОшМУнун аспирантура бөлүмүнүн башчысы, 2009-2019-жылдары ОшМУдагы «Үзгүлтүксүз билим берүү» институтунун директору болуп эмгектенсе, 2020-жылдан бери ОшМУнун профессору болуп, студенттерге сабак берип келе жатат. 1994-жылдан бери ОшМУнун окумуштуулар кеңешинин, КРдагы психологдор коомунун, И.Арабаев жана Ж.Баласагын атындагы университеттердин курамындагы Д.13.23.673 диссертациялык кеңешинин мүчөсү.

Акимжан агай үзүрлүү эмгегинин натыйжасында ОшПИнин, ОшМУнун, Ош шаардык жана облустук администрацияларынын Ардак грамоталары, Алкышы, акчалай сыйлыктары менен сыйланган. КРнын Билим берүү министрлигинин "Ардак грамотасы" (1989-жыл), «КР Эл агартуунун мыктысы» төш белгиси (1997-жыл), Индия мамлекетинин "Ардак грамотасы" (2007-жыл) жана "ОшМУга эмгек сиңирген окутуучу" медалы (2014-жыл) ыйгарылган.

Илим изилдөө жолунда агай психология, этнопсихология багытында 176 илимий эмгектерди, макалаларды жазган. Анын ичинен 3 монография, 8 окуу китеби Билим берүү министрлигинин грифи менен басмадан чыкса, ондон ашык окуу куралы жана усулдук колдонмолорун студенттер колдонуп келе жатышат. Азыркы күндө психология багытындагы илимий темаларга (аспиранттарга, магистранттарга) илимий жетекчи болуу менен, Акимжан агайдын жетекчилиги алдында кандидаттык, магистрдик диссертациялар корголуп, өзүнүн айланасында психологдорду топтоп, Кыргызстандын Түштүгүндө илимий мектебин жарата алган психолог-окумуштуу.

2004-жылы ОшМУнун курамындагы "кадрларды кайра даярдоо" институтуна психология адистигин ачып, кафедрадагы психолог эмес окутуучуларды (Кулуева Г., Борбуева Г., Умурбекова Т., Кошонова С., Накатаев М., Умаров Т., Алиева Б., Джоошбекова З.,. ж.б.) окутуп, психолог адистерди даярдаган. Азыркы мезгилде бул психологдордун 70%ы илимдин кандидаттары, доценттери. П.и.к., доцент Кошонова Салтанат жалпы психология кафедрасынын башчысы, п.и.к., доцент Умаров Талант Педагогика жана психология факультетинин деканынын милдетин аткарып келет.



2005-жылы ОшМУнун юридика факультетинин курамында бакалавр багытындагы психология адистигин ачып, азыркы күндө психология багытындагы, элге керектүү болгон психолог адистер окуп чыгууда. 2009-жылы орто жана жогорку билимдүү адистердин билимин экинчи адистикке алмаштыра турган, өндүрүшкө керектүү болгон кыска мөөнөттүү (орто билимдүүлөр үчүн 3-жылдык, жогорку билимдүүлөр үчүн 2-жылдык) "Үзгүлтүксүз билим берүү" институтун ачып, өндүрүшкө чоң пайдасын тийгизген.

Ошону менен бирге Акимжан агай илимий изилдөөлөрүн өркүндөтүп, илимий баяндамалар менен Кыргызстанда, Казакстанда, Өзбекстанда, Грузияда, Россияда, алыскы чет өлкөлөр: Кытай, Чехия, Словакия, Эстония мамлекеттеринде болуп, психология боюнча баяндамаларды жасап келген.

Акимжан агай агартуучулук, илимпоздук жумуш менен гана чектелбестен, кайрымдуулук иш чараларга да өзгөчө көңүл бурган. Атап айтканда, өзү туулуп-өскөн "Ой-Тал" орто мектебинин окуучуларына акыркы үлгүдөгү LG беш даана компьютер жана принтер алып берип, бир класcын заманбап техникалар менен жабдып берген.

Билим-тажрыйбасын жаш муунга арнап, талыкпай эмгектенип келе жаткан, илимпоз-педагог Акимжан агайыбызды Ош мамлекеттик университетинин 85 жылдык юбилейи менен удаа келген 70 жаш кутман курагы менен чын жүрөктөн куттуктайбыз. Илимий, коомдук иштерине ийгиликтерди, опол тоодой жакшылыктарды каалайбыз.



**Тургунбай Алдакулов, редактор**

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮР

Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Кыргыз Республикасынын «Даңк» медалынын ээси, Кыргыз Республикасынын Инженердик академи-ясынын мүчө-корреспонденти, биология илимдеринин доктору, профессор Каримова Бурул 1939-жылдын 2-декабрында Алай районунун Будалык айылында туулган. Жетинчи классты айылда бүтүргөн соң, Оштогу республикалык кыздар окуу жайында окуп, аны артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1957-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна (азыркы ОшМУ) кирип, аны 1962-жылы артыкчылык диплому менен бүтүрүп, ошол эле окуу жайдын биология кафедрасында оку-туучулук кызматка калтырылган. 1965-жылы ага окутуучулукка көтөрүлөт. 1969-жылы аспирантурага жиберилип, 1973-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргойт.

1996-жылы Түштүк Кыргызстандын суу өсүмдүктөрүнүн флорасы боюнча доктордук диссертациясын жактайт. Бул жумушта Кыргызстан үчүн илимдеги чоң жетишкендиктер камтылган. Анда суу өсүмдүктөрүнүн (балырлар-дын) 663 түрү аныкталып, анын ичинен 254 Кыргызстан үчүн жаңы, 18 Борбордук Азия үчүн биринчи жана бир түр илим үчүн жаңы-лык болуп, ага Алайдын аты (Алай гидрирусу) ыйгарылган. Жумушта суу өсүмдүктөрдүн жо-горку сапаттагы биомассасы мал, балык, канаттуулар чарбаларындагы баалуу тоют жана булганыч сууларды тазалоодо, тоо-кен өндүрүшүндө кеңири колдонуулары далилденген. Азыркы учурда алар практикада кеңири пайдаланылууда.

Ошентип, Б.Каримова Кыргыз Республикасында биология багытындагы аялдардан биринчи болуп доктордук даражага ээ болот. 2000-жылы профессордук наам ыйгарылат. 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Инженердик Академиясына мүчө-корреспонденттикке көрсөтүлөт.

Б.Каримова 1976-1988-жылдары Ош мамлекеттик университетинин «Ботаника» кафедрасын башкарат. 1997-1998-жылдары «Экология жана жалпы биология» кафедрасын жетектейт. 1999-жылы Ош жогорку колледжинде (азыркы ОМПУ) проректор болуп эмгектенет. 2000-2002-жылдарда ОшМУнун кадрларды кайра даяр-доо жана квалификацияны жогорулатуу институтунда директор болуп иштейт.

2003-жылы Ош технологиялык университетинин чакыруусу менен «Экология жана геология» факультетинде декандык кызматты аткарат. 2004-жылдагы Ош технологиялык университетине академик М.М.Адышевдин атынын ыйгарылышында жана анын музейинин ачылышында факультетте көптөгөн иш чаралар өткөрүлөт. 2005-2013-жылдары «Биология жана биотехнология» кафедрасын жетектейт.

2014-жылдын 1-сентябрынан тарта кайрадан Ош мамлекеттик университетинин ректорунун кеңешчиси жана Табият таануу-география факультетинде профессор болуп эмгектенет.

Б.Каримова көптөгөн регионалдык жана Эл аралык илимий конференцияларда, симпозиумдарда докладдар менен ийгиликтүү катышып келүүдө. Илимий иштердин жыйынтыгы боюнча 2 автордук күбөлүк, 3 патент, 7 монография, 5 окуу китеп, бир нече окуу-усулдук колдонмолор жана 200дөн ашык илимий макалаларга ээ. Ал илим-поз-биолог катары көптөгөн дүйнөлүк маанидеги (Москва, Санкт-Петербург, Новосибирск, Пермь, Алматы, Ташкент) илимий борборлор менен байланышта жана 3 ирет МГУда квалификациясын жогорулатат.

Б.Каримова 2003-жылдан Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Биология институтунда түзүлгөн доктордук, кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча атайын Кеңештин мүчөсү. Ал системалуу түрдө биология, гидроботаника, микология, биология, лихинология боюнча адистерди даярдоодо.

Б.Каримованын билим, илим, жаштарды тарбиялоо багытындагы үзүрлүү эмгектери коомчулук, өкмөт тарабынан кеңири колдоого алынып , 1997- жылы «Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» деген ардактуу наам ыйгарылган. 2007-жылы Б.Каримова КРнын «Даңк» медалы менен сыйланган. 2011-жылы облуста «Жыл адамы» жана 2013-жылы КРнын Президентинин алдындагы мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссия тарабынан мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн «Кыргыз тили» төш белгиси менен сыйланат. Мындан тышкары



ал «Агартуунун отличниги» (1981) жана билим, илим министрлигинин, шаардык, облустук мамлекеттик администрациянын бир нече жолку (1998, 1999, 2000, 2001, 2005, 2006, 2009, 2010, 2012, 2014, 2015, 2016) Ардак грамоталарынын ээси. Анын биографиясында коомдук иштерге активдүү катышуусу өзгөчө орунда. Ошонун натыйжасында элдин сыйурматына ээ жана 3 жолу шаардык Кеңешке депу-таттыкка шайланган.

Б.Каримова илимий ишти уюштуруучулук иш менен ийгиликтүү айкалыштырчу. Ал окуучуларына көп күч жана кубат берчү. Ал эми акыркы кылган иши-өсүмдүктөрдүн биологиялык ар түрдүүлүгүнүн окуу-илимий лабораториясын түзүү. Бирок, өкүнүчтүүсү, ал ишин тааныштырганга үлгүрбөй, өтүп кетти.

# "Мээримин төгүп, эркелете сүйлөчү"

Бүгүнкү күн кандайдыр бир даражада илимий чөйрөнүн эсте калаарлык майрамы деп айтсам аша чапкандык болбос. Себеби кыргыз илиминин өнүгүүсүнө салымын кошкон, түштүк Кыргызстанда эң алгачкы аялдардан чыккан биология илиминин доктору, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмери, Республиканын илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, профессор Каримова Бурул Каримовнанын 85 жылдыгына карата иш чаралар белгиленип жатат.

Мындан 85 жыл мурун атактуу Даткалар айылынан чыккан, аталардын баскан жолуна багынган, илимпоз, ка-ра сөздүн чебери (илимий изилдөөдөн сырткары бир нече мемуар, чыгармалык китептердин ээси) Бурул Каримовнанын юбилейлик датасы Ош мамлекеттик университети менен жашташ болуу бактысына туш келип отурат. Ош мамлекеттик университеттин 85 жылдык юбилейинин алкагында Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер, Республиканын илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, биология илимдеринин доктору, профессор Каримова Бурул Каримовнанын 85 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференция дагы кокусунан болуп жаткан жок. Эжекемдин университеттин тарыхына сиңирген зор эмгеги жана илимий даражасынын бийиктиги аркылуу гана мына ушундай урмат-сыйга татыктуу болду деп ойлойм. Себеби жаштарга билим берүүдө, альгологиялык изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө жана түптөөгө арнаган эмгек жолу бүгүнкү күндө өз жемишин берип отурат.

Бурул Каримовна эмгек жолунда бир нече кызматтардын башында турду, жетекчи, башчы, көптөгөн илимий жумуштарга консультант, өзгөчө суу ресурстарын пайдалануу боюнча жооптуу миссияларды аткаруу менен, керт башындагы адамгерчилигин жоопкерчилик менен чектеп, ак дилден эмгегин арнады, ал эми илимий даражасы боюнча жалпы республикада өзгөчө табылга деп айтарлык жаркын инсан эле.

Кыргызстан – суу ресурстары боюнча маанилүү региондорго киргени менен альгологиялык изилдөөлөр коңшу мамлекеттерге караганда бир аз арттa калган, бул маселеде суу ресурстарын туура, сарамжалдуу пайдаланууда, алардын табигый жол менен тазалануусундагы микробалырлардын ролун көрсөтүү, альгоценоздун түрдүк курамын аныктоо жана өндүрүштүк саркынды сууларды тазалоодогу практикалык маанисин белгилөө менен альголо-гиялык изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө жана түптөөгө көптөгөн түйшүктүү эмгеги жумшалган. Бүгүнкү күндө, эжекенин бул эмгеги - келечектеги альгологдорду даярдоодо, илимий-изилдөө процессин натыйжалуу уюштурууда, иштин формаларын жана методдорун тынымсыз өркүндөтүүдө маанисин көрсөтүп, илимий изилдөө үчүн жеке демилгесинин аркасында, кесиптик чеберчилик менен заманбап илимий-изилдөө лабораториясын түзүп кетти.

Бурул Каримовна өз заманынын чыныгы тайманбас, патриот кызы эле (эсимде, атактуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун көзү өткөндө кайгырып, көзүнө жаш алганын билем, кийин жазуучунун бейитине да барып, куран түшүрүп келген экен).

Эжеке принципиалдуу инсан эле, жыйналыштарда чындыкка жанашпаган нерселерге катуу турчу, өзүнүн сөзүнөн кайра тартпаган адам эле, кээде катуураак айтып койдубу деп да ойлоп кетер элек. Ошол эле мезгилде табият берген таланты да өзгөчө эле... ырдаганды жакшы көрчү, ырдап жатканда кооптондурган сүрү айжамалга айланып, жүзүнө нээдир бир сулуулук тартыла түшчү. Ошол өңүн жүзүнөн көп издечүмүн, себеби, биз экөөбүз балда-ры алыскы шаарларда окугандыктан байланыштуу чогуу туруп калдык. Жасаган жумуштарым жакса, мээримин төгүп, кээде эркелете сүйлөчү, жакпай калса сүйлөбөй койчу... Үйдө мыкты кожойке, мээримдүү эне болчу, анан дагы кез-кезде чогуу отуруп алып ырдап калаар элек... Үйүнө келген меймандарды да бирге күтүп, узатчубуз. Ошентип, жумушта да, үйдө да эжекемдин көп кырдуу тарбияларына ээ болдум. Илимий мектебиндеги алгачкы аспиранты болдум жана кандидаттык жумушумду бир добуштан ийгиликтүү коргоп келгенимде кубанычынын чеги болбоду.

Конференцияларда, семинарларда, талаа практикаларында бирге жүрдүк. Эсимде, Ноокаттын Кыргыз-Ата улуттук паркында илимий экспедициялык жумуштан соң, Кара-Кой дарыясынын жээгине жеткенде эс алып, отун терип, күлкү, тамаша менен чер жазышып отурганыбыз. Ал киши өзүнчө эле бир жандуу энциклопедия болчу, тарыхый окуяларды, жер-суу аттарынын чечмеленишин төкпөй-чачпай айтып берчү.

Бурул Каримовнанын өмүрү илим чөйрөсүндө түбөлүк изденүү менен өттү. Кыргызстанда альгологиялык изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти, "Даңк" орденинин ээси жана башка көптөгөн сыйлыктардын ээси болду. Бүгүнкү күндө артында бир нече илимий шакирттери, окуучулары эжекенин ордун жоктоп, эмгеги менен сыймыктанып келебиз. К.Д. Ушинский айткандай: «Бүткүл мектеп, бардык педагогика – бул эң оболу мугалим» дегендей, ар бир окуучусунун, шакирттеринин жан дүйнөсүндө из калтырып, анын илимий калыптанышына жардам берген жетекчи, илимпоз катары, эжекемдин элеси дайыма эсибизде сакталат.

**Айназик Боронбаева,**
**БИК, доцент**

# "Чебер, принципиалдуу устат эле"

Бурул Каримова кыргыз элинин сыймыктуу кызы, чыгаан окумуштуу, чебер педагог, жан дүйнөсү абдан бай, чыгармачыл, дилгир, ак жүрөк инсан болгон. Ал окумуштуу катары татаал жолду басып өткөн жана талыкпастан, өжөрлүк менен эмгектенүү менен илимдин туу чокусуна жеткен. Орто Азиянын, ошонун ичинде Кыргызстандын суу чөйрөсүндө өсүүчү өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн көп түрдүүлүгүн ар тараптан окуп үйрөнгөн. Ал Борбордук Азия чөлкөмүндө аялдардан чыккан суу чөйрөсүндө өсүүчү өсүмдүктөр боюнча эң алгачкы илимдин доктору экендиги көп нерседен кабар берет, маанилүү жана биз сыяктуу окуучулары, кесиптештери үчүн сыймыктуу болуп саналат.

Бурул Каримовнанын демилгеси жана түздөн-түз жетекчилиги менен Ош мамлекеттик университетинде, Бота-ника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана биологияны окутуу кафедрасынын базасында суу чөйрөсүндө өсүүчү өсүмдүктөрдү окуп-үйрөнүү боюнча илимий изилдөөчүлүк лаборатория түзүлгөн жана ал замандын талабына шайкеш жабдыктар, приборлор менен жетиштүү санда камсыз болгон. Ал лаборатория азыркы учурда жемиштүү иштеп жатат жана анын мүмкүнчүлүктөрүн үзүрлүү пайдалануу менен жыл сайын бир топ магистрлер жана аспиранттар өздөрүнүн илимий темалары боюнча алгылыктуу иштерди аткаруу аркылуу күн сайын илимге жаңылыктарды байма-бай кошуп жатышат. Бурул Каримованын эмгегинен жаралган төмөнкү түзүлүштөгү өсүмдүктөр жөнүндөгү окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолору учурда актуалдуу бойдон калууда жана студенттерге терең билим берүүдө чоң ролду ойноо менен бараандуу салым кошуп жатат.

ОшМУнун түзүлгөндүгүнүн 85 жылдык маарекеси менен катар Бурул Каримова эжекенин 85 жылдыгына арналган эскерүү иш чараларынын расмий белгиленип жаткандыгы жана бул иш чаралардын алкагында эженин илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнө арналган эл аралык маанидеги илимий-практикалык конференциянын уюштурулуп жаткандыгы өзгөчө маанилүү, символикалуу болуп саналат.

Бурул Каримова чебер, принципиалдуу, талабы катуу устат катары ондогон дипломдук иштерди аткаруучулардын, көп сандаган изилдөөчүлөрдүн, аспиранттардын кандидаттык илимий темаларынын жетекчиси катары таланттуу окумуштуу-адистерди тарбиялап чыгарган. Алар учурда эл чарбасынын түрдүү тармактарында үзүрлүү эмгектенип жатышат.

**Орунбек Көлаң – Коланов (Омок)**
**биология илимдеринин кандидаты, доцент**



# “ЖАШАГАНЫН ЭМЕС, ЖАСАГАНЫН БААЛА”

Өмүрдүн көз ирмемдери саамга кармалбай тез өтүп, эл астында ак кызматын аткарып, «жашаганын эмес, жасаганын баала» деген накыл кепке төп келген инсандар өтө эле көп эмес. Алардын ичинен өзүнүн болгон дитин, билимин, жөндөмүн, өмүрүн эң оор тармакка-илим чөйрөсүнө арнаган КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, КРнын инженердик академиясынын мүчө-корреспонденти, биология илимдеринин доктору, профессор Бурул Каримова жөнүндө баян этүү, биз үчүн сыймыктуу милдет деп эсептейбиз.

Кыйын кезеңде апасынан 5 жашында айрылып, каатчылык, жокчулуктун азабын жон териси менен тартып, окууга, билим алууга басса-турса кызыгуусу артып, 7-классты аяктап, Ош шаарындагы педагогикалык училищага тапшырып (кийин Жалал-Абад педучилищасына кошулуп кеткен), тырышчаак, дилгирлиги менен ал окуу жайды артыкчылык диплому менен бүтүрүп (1956), өзүнүн киндик каны тамган Алай районундагы Будалык айыл кеңешине караштуу Тамга-Терек айылында мугалим болуп эмгек жолун баштаган.

## Журналист болууну эңсеген

Журналист болбой, тагдырдын буйругу менен педагогдук адистикке бурулуп кеткен. Бойго жеткен кыздарга көз кырын салгандар көбөйүп, күйөөгө бере турган маселе чечилип калганда, өзү жеке чечимге келип, балалыктан көксөгөн билим алууга болгон арзуусу үстөмдүк кылып, түн ичинде бекинип, Ошту көздөй жол алат. Кыз баланын тоо арасында көзгө сайса көрүнгүс караңгыда, кызыл диплому койнуна катып, 2 үкөк күкүрттүн шыңгыраганын эш тутуп жолго чыгышы, көркөм чыгармалардагы каарман-дардын бейнесинин турмушта кайталанышын айгинелейт.

1957-жылы Ош педагогикалык институтунун биология факультетинин студенти болуп, Лениндик стипендиянын ээси, пахта теримдин алдыңкысы, группанын комсоргу, ырчы, бийчи, уюштургуч катары көпчүлүктүн көзүнө илинип, окууну артыкчылык ди-плому менен аяктайт.

Сакадай бою сары алтын, көздөгөнүнөн кайра тартпаган кашкөй, чындыкты бетке айткан, ыйманы таза Бурул эженин тырышчаактыгы факультеттин жетекчилигине маа-лым болгондуктан, аны окутуучу кылып (1962) жумушка алып калышат. Билим була-гынын көзүн ачып, кудалап койгон жеринен качып, нике кайып экен өмүрлүк жубайы бирге окуган группалашы Шарабидин Абжамилов болуп калганы, Жараткандын жакшы шыбагасы болгон. Адам тагдырында чанда кездешчү көрүнүш ушул үй-бүлөдө кайталанган. Бурул эже Ташкент шаарында аспирантурада (1969), Шарабидин аке Фрунзе шаарында аспирантурада (1969) окуп, бир кыз, бир уулу Алайда чоңоюп, илимдин дарбазасын кыйынчылык менен ачышкан. «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң» дегендей көз майын коротуп, түн уйкусун кечип жасаган мээнеттери кайтып, Шараби-дин аке химия илимдеринин (1972), Бурул эже биология илимдеринин кандидаты (1973) даражасына ээ болушат. Бул ийгилик жубайлардын чымырканып, биргелешип, бири-бирине эриш-аркак болуп аракеттенгендеринин акыбети болгон. Бурул эже био-логия кафедрасынын башчысына шайланып (1976), дымагы күчтүү илимпоз докторлук диссертацияга камылга көрө баштайт.

## Турмуш агымы бир нукта боло бербейт тура

«Өзү барып бөрү албайт, бөрү алганды көрө албайт» деп «Манас» эпосунда сыпат-талгандай, котур ташын койнуна каткан айрым көрө албастардын терс иштерине да ки-риптер болот. Бурул эженин атасы Карим Султанбеков Алай районундагы Карл Маркс атындагы колхоздо башкарма болуп (1939-51), жетекчи кызматтарда иштеп, карасана-тайлардын жалган жалаасынан репрессияга учурап, камалып, кийин Москвага, Кремлге чейин барып, акталып, партиялык билетин кайра алганын калың журт жакшы билет. Үй-бүлөсүнөн илим чөйрөсүнүн түпкүрүнөн түнөк издеген жалгыз илимпоз Б.Каримова кара ни-еттердин кара капканына кабылып, бирок кайраттуу сапаты, чындык үчүн, өз демилгеси үчүн күрөшкөнү дем берип, нечен бут тосууларга, чагымчыл иштерге баш ийбей, жеңип чыккан. Ошентип 1997-жылдан ОшМУдан ОГПИге которулуп, андан ОшТУга өтүп, жемиштүү эмгектенди.

Бурул Каримованын илимдеги эрдигин төмөндөгүдөй белгилөөгө болот. Кыргызстанда биология илиминде, аялдардан биринчи болуп докторлук диссертациясын кор-гогон (1996). Кыргызстанда эч бир изилдене элек суу өсүмдүктөрүнүн табиятын иликтеп, из салган туңгуч илимпоз. Бурул эженин илимий ишмердүүлүгү жөнүндө илимий жетекчиси, өзбек окумуштуусу, академик Ахрар Музафаровдун, казак окумуштуусу, профессор Түркмөнбай Таубаевдин, Кыргызстандагы флора боюнча адистер, профессорлор Е.В.Никитина, А.Г.Головковалардын айткан пикирлери да оюбузду бекемдеп турат. Б.Каримованын эмгектери: «Альгофлора водоемов юга Кыргызстана», «Экология жана жаратылышты коргоо терминдеринин орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү», «Жашыл өсүмдүк-жашообулагы» деген монографиялары, «Биология төмөнкү түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн систематикасы» окуу китеби, 10 усулдук колдонмо, 170 илимий, 30дан ашык гезиттик макалалары, «Өмүр жолундагы издер» автобиографиялык чыгармасы ж.б. Аял кишиге ылайык келбеген опурталдуу ишке баш уруп, кычыраган кыштын суугунда, салкын жел кысылган саратандын ысыгында Сары-Таш, Чоң-Алайдагы дарыялардын өсүмдүктөрүн чогултуп, анализдеп, илимий гипотеза жаратып, баа жеткис эмгектерди жазды.

## Аалымдар айылы

Таалим, тарбия берген шакирттери Т.Эркебаев, Н.Абдуганиев, А.Тажибаев, А.Боронбаева ж.б. Ош шаарында Бурул эженин үй-бүлөсүн «окумуштуулардын үй-бүлөсү» деп таанышат. Шарабидин аке 35 жыл Бурул эже менен бирге турмуш кечирип, бир факультетте бирге иштеп (кафедра башчысы, декандын орун басары), узакка созулган оорудан каза болот. Уулу Кадыркул биология илимдеринин кандидаттыгын коргоого камынып жатканда, күтүүсүз тиги дүйнөгө сапар алат (2009.24.11).

2010-жылы Бурул эже уулу, маркум Кадыркул Абжамиловдун «Риччио карпус суу өсүмдүгүнүн Түштүк Кыргызстандын шартындагы биоэкологиялык өзгөчөлүгү жана аны практикада колдонуу перспективалары» деген монографиясын түзүп, редактирлеп, басмадан чыгарат.

Кызы Шарабидин кызы Айнура – экономика илимдеринин кандидаты. Көкүрөк күчүгү Нурбек улуттук коопсуздук комитетинин кызматкери. Эже 7 неберенин чоң энеси, таенеси.

Жаш кезиндеги жазмакерликке болгон ышкысы дагы уланып, коомдук турму-штун көйгөйлөрү, илимдеги жаңылыктар, Алымбек датка, Курманжан датка, академик Муса Адышев ж.б. жөнүндө макалалары жарыкка чыккан. Мады айылы даткалардын ордосу экенин, Курманжандын эстелигин ушул айылга куруу идеясын улам тастыктап келет.

«Даткалар жашаган табият» деген Алымбек датка, Курманжан датка жөнүндө жеке иликтөөлөрдөн турган көлөмдүү китеби басмадан чыккан. Колунан көрү төгүлгөн уз, гүл өстүрүүнүн чебери, чыгармачыл инсан (ырдайт, бийлейт, ыр жазат, кошок кошот), бактылуу үй-бүлөнүн куту. «Аккан арыктан суу агат, үзүлгөн учук уланат» дегендей Бурул эженин илим айдыңындагы жаратмандык касиетинен үлгү алып, жаш кыз-келиндер үй-бүлө күтүү, бала тарбиялоо, үйдү таза, ирettүү кармоо, чебер узчулуктун, макала, китеп жазуунун ыкмаларын, сырларын өзүнөн сабак, таалим алып, билбегенин сурап үйрөнүп алышса, натыйжасын көрүп, шыктанышмак. Учурда жаштарыбыз (кыздар) алмуздактан бери келе жаткан уютулуу улуттук каада-салттарыбыздан, улуулар дан мурас калган адеп-ахлак, тарбия, ыйман ж.б. чанып, батыштын таасирине чырмалып баратышканы өкүнүчтүү. Кара жанын карч уруп, мээнет кылса, берекетин, үзүрүн кези келгенде көрө турганын Б.Каримованын өрнөктүү өмүр таржымалынан угуп, окуп, маектешип үйрөнүп калышса, келечегине пайдасын тийгизмек. Т.Сыдыкбеков: «Аял- кебез колу сылаганда жүрөк ооруга эм болгон адам баласынын улуу эмчиси. Үйдүн да, өндүрүштүн да оор жүгүн көтөргөн алп» деп белгилегендей, эшикке чыгып эркектин, үйгө кирип аялдын кызматын кылган, тынбай илимий иш менен алектенген аалым, профессор Бурул Каримованын каруусун казык кылып, маңдай терин төгүп аткарган ишмердүүлүгүн ардактап, сыйлап алуу биздин - замандаштарынын, жетекчилердин ыйык парзы экенин кулактарына күмүш сырга деп эскертип кетмекчибиз.

**Асылбек Айтманбетов,**
**ОшМУнун доценти**

# "ЭЖЕКЕ - ИЙГИЛИКТЕРИМДИН СЕБЕПКЕРИ"

Мен Бурул Каримовнадан билим алып, жолун жолдогон шакирти катары эженин адамдык асыл сапаттарын, илимдеги жолун, устат катары улуулугун, чыныгы кесипкөй инсан экендигин баса белгилеп өткүм келет.

Көзү тирүүсүндө Бурул Каримовна чындыкты бетке айтып, адилет сүйлөп, биздин келечек жаштарга үлгү болуп, көптөгөн кадрларды илим, билим, тарбия жагынан даярдоого үлгүргөн.

Биздин университеттин түптөлүшүндө, биология факультетинин өнүгүү тарыхында жана кадр даярдоо маселесинде Бурул Каримовнанын салымы өтө чоң эле деп айтсам жаңылбасам керек. Азыркы мезгилде университетте иштеп жаткан мугалимдердин бири катары айтып кетерим, мен өзүмдүн эмгек жолумда кандай ийгиликтерге жетишкен болсом, анын негизги себепкери эжекем деп айтаар элем.

Мен үй-бүлөлүк шартыма байланыштуу институтта иштөөдөн баш тарткан мезгилде (1985-жылы) эжекем мени кайраттуулукка, сабырдуулукка, чыдамкайлыкка чакырып, биология кафедрасына окутуучу кылып кабыл алган. Азыр ойлосом, ошол учур менин турмушумдун бурулуш мезгили болгон экен.Ошондон кийин Беларусь өлкөсүндө аспирантурада окуп, кандидаттык диссертациямды ийгиликтүү жактап келип, Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинде үзүрлүү иштеп келе жатам. Кандай иш жасабайын, эженин берген билимин, айткан насаат сөздөрүн, мамлекетибиздеги илимий иштеринин ордун, жалпы эле элибизге сиңирген эмгектерин, коомдук ишмердүүлүгүн баалап, ошондой болууга умтулуу аракети менен иш кылам. Эжени биз ар дайым сыймыктануу менен эскеребиз.

Бурул Каримовна тууралуу артында жакшы сөз калды. Мындан өткөн түбөлүктүүлүк барбы?

**Нурдин Абдуганиев,**
**биология илимдеринин кандидаты,**
**ОшМУнун доценти**

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# "Илимдин ханышасы!"

*(архивден алынды)*

Кыргыз элинин тарыхына жана маданиятына чоң салым кошкон чыгаан уулдарынын бири Садык Шернияз көпчүлүк жамаат күтүп жүргөн кыргыздын тарыхында тереңорду бар, дүйнөлүк тарыхта «Алай ханышасы» деген атка конгон Курманжан Датка энебиз тууралуу көркөм документалдуу кино тасманы элине тартуулады. Ал тасманы көрүп, мурда бир чыгаан уулу, кыргыз эл Баатыры, атактуу жазуучу агабыз Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч», «Кел-Кел» тарыхый романдарында белгилегендей, улуу энебиз Курманжан датканын элинин бүтүндүгү үчүн, жок болуп кетпей сакталып калышы үчүн жасаган иштерин дагы бир жолу көздөн кечирдим. Мына кыргыз кызынын, улуу Энебиздин адамгерчилиги, элин, жерин, үй-бүлөсүн терең сүйгөндүгү, ал үчүн ар кандай татаал кыйынчылыктарды жеңгендиги, тарыхтын татаал жолунда өзүнүн акылмандуулугу менен жол тапкандыгына сыймыктанасың.

Ушундай кыздарды, уулдарды жараткан кыргыз эли улуу эл экендигине дагы бир жолу ынандым. Мындай улуу элде ар дайым улуу кыздары жана балдары жаралып келген жана жарала берет. Ага күбө катарында, ошол эле атактуу Алай элинен чыккан жакын досторубуздун бири Бурул Каримовна-Букени келтирсек болот.

Мен мурда да белгилегендей, Бурул Каримовна менен таанышкандыгым төмөнкүдөй болгон. Мен Ош педаго-гикалык институтуна окууга киргенимде институттун фойесинде коюлган ардак тактасында алдыңкы мыкты окуган студенттердин сүрөттөрү илинип тургандыгын көрдүм. Анын жогорку жагында Лениндик стипендиаттар-дын сүрөттөрү турган бөлүгүндө мотурайган кыргыз кызы Бурул Каримовнанын да сүрөтү бар эле. Ал сүрөттөрдү көргөн сайын мени да ошондой деңгээлге жетүү жөнүндөгү ой-тилектер коштоочу. Кудай буйруп ал тактага менин да сүрөтүм коюлду. Бурул Каримовна окуунун мыктысы гана эмес, ал алдыңкы активист студенттерден эле.

Ал эми Бурул Каримовна жана анын жолдошу Шарип Абжамилов менен студенттик мезгилден бери бири-бирибизди билсек да, жылуу достук мамилебиз Оштун Юго-Восток кичи районунда коңшу жашаганыбызда башталып, азыркы мезгилге чейин уланып келе жатат. Шакенин (биз Шарип Абжамиловичти ушинтип атачубуз) өмүрү кыска экен, азыр биздин арабызда жок, бирок жогорку адамгерчиликтүү, жолдоштук достукка бек турган чыныгы инсан экендиги ар дайым биздин эсибизде. Студенттик кезде башталган жолдоштук мамилебиз, азыркы мезгилде үй-бүлөлүк карым-катнашка айланган, жубайым Гүлсара экөөбүз терең урматтаган Буке менен Шакенин жакын курбу-курдаштардай болуп кеткендигибизге мен ар дайым сыймыктанам. Бурул Каримовна techninститутта окуп жүргөндө эле илимий бирикмелерге активдүү катышып, дайыма конференцияларда илимий баяндамаларды жасаочу. Ошолордун бири, өткөн кылымдын алтымышынчы жылдарында Ташкент, Фрунзе шааларында болуп өткөн Бүткүл союздук студенттик илимий конференцияга катышып, илимий баяндама жасагандыгы болот.

Студент кезинде эле илимге жөндөмү бардыгы байкалып, факультеттин жана институттун жетекчилигинин көңүлүн өзүнө бура баштаган. Азыр ой жүгүртсөм, Бурул Каримовна ошол эле мезгилдеги кыргыз жаштарынын арасында илимге берилип кызыккан жана башкаларды да илимге тарта билген, келечекке терең ой жүгүрткөн кыр-гыздын акылман кыздарынан болгон экен. Окууну ийгиликтүү бүткөндөн кийин Бурул Каримовнаны факультеттин жана институттун жетекчилери ошол пединституттун биология факультетине мугалим кылып алып калышкан. Андан кийин Бурул Каримовна Ташкент шаарында Өзбек илимдер академиясынын эксперименталдык биология институтуна аспирантурага кирди. Аспирантурага кирген мезгилде ал үй-бүлөлүү болуп, өзү менен бирге окуган Шарип Абжамилов экөө баш кошуп, бала-чакалуу болуп калган эле. Бардык эле аялдардын балдарын ата-энесине калтырышып, окууга кетүүгө эрки жете бербейт. Себеби, Бурул Каримовнанын жолдошу Шарип Абжамилов да Фрунзеге аспирантурага кирген. Бул мисал да Бурул Каримовнанын Курманжан энебиздей эрки күчтүү, келечекти көрө билген инсан экендигин күбөлөйт. Бул үй-бүлөнүн ээлери тырышчак, илимге терең сүңгүп киргендигинин натыйжасында экөө тең аспирантураны ийгиликтүү аякташып, кандидаттык диссертацияларын жогорку деңгээлде коргошкон. 1970-жылдары мен Ташкентке кандидаттык диссертациямды коргогону барганымда, Бурул Кари-мовна Ташкентеги оштук аспиранттар менен бирге мага чоң жардам беришкендигине азырга чейин терең ыраазычылыгымды дагы бир жолу белгилеймин.

Азыркы мезгилде Бурул Каримовна талантуу илимпоз катарында Кыргызстандагы биология, анын ичинде ботаника илиминин өнүгүүсүнө чоң салым кошкон окумуштуулардын бири. Ал илимий иштеринде изилдөөнүн эксперименталдык жана теориялык ыкмаларын пайдаланып, практикалык жактан чоң мааниге ээ болгон илимий жыйынтыктарды алды. Илимий багытта ак ниет менен жана талыкпастан эмгектенгендиктен биология илимде-ринин доктору даражасына жана профессор наамына ээ болду. Бурул Каримовнанын талыкпас илимий-изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы , бул өзү даярдаган илимдин докторлору жана кандидаттары, анын автордук күбөлүктөрү жана патенттери, монографиялары жана илимий макалалары болуп эсептелет.

Илимге жана жаштарды тарбиялоодо кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер жана Кыргызстандын инженердик академиясынын мүчө-корреспонденти наамдарына ээ бо-луп, «Даңк» медалы менен сыйланган. Ошондой эле «Эл агартуунун мыктысы», «Кыргыз тили» төш белгилери жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Ош шаардык, облустук администраци-яларынын ардак грамоталарынын ээси болгон. Бишкек шаарындагы докторлук жана кандидаттык илимий иштерди коргоочу илимий кеңештин мүчөсү. Бурул Каримовна билим берүүнүн мыкты уюштуруучусу катарында Ош мамлекеттик университетинде, Ош технологиялык университетинде окутуучу, доцент, кафедра башчысы, факультеттин деканы, окуу жайдын проректору, институттун директору болуп иштеп, азыркы учурда илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодо албан-албан иштерди аткарып келе жатат.

Ал эми биз анын достору жана курбу-курдаштары инсан катарында Бурул Каримовна өтө маданияттуу, эм-гекчил жана адамгерчилиги жогору, үлгүлүү үй-бүлөнүн куту деп эсептейбиз.

Бурул Каримовна азыркы замандын Курманжан даткасындай илимдин, адамгерчиликтин чыныгы ХАНЫШАСЫ. Мен ушул ойду жана чыныгы наамды сизден көрөмүн Буке. Сиздей чоң тамгалуу адам болуу ар бир инсандын колунан келе бербейт!

Урматтуу илимдин ХАНЫШАСЫ - Бурул Каримовна! Сизге илимий жана педагогикалык ишиңизде албан-албан ийгиликтерди биздин үй-бүлөбүз менен каалайбыз.

**Байыш Арапов,**
**КР илимине эмгек сиңирген ишмер,**
**физика-математика илимдеринин**
**доктору, профессор**

# "АК ЖАРЫК УСТАТЫМ"



Бурул эжеке ак эмгеги менен убакытты багынтып, коомдо татыктуу ордун, илимде өзгөчө атагын, турмушта бактысын таба билген адам болчу. Эжекенин өмүр жолун, ишмердигин карап отуруп, Конфуцийдин "Ар адамдын бактысы өз колунда" деген сөзүн далилдеп турганын байкасың. Бурул Каримовна жөнөкөй мектеп мугалимдигинен илимдин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, урматтуу устат, сыймыктуу эне, чоң эне даражасына турмуштун сансыз сыноолорунан салабаттуулук менен өтүп, өз кесибин жогору коюп, кылымдар тогошуп, доорлор оошуп турган учурда да барга көппөй, жокто чөкпөй өз бешене тери, талыкпаган эмгеги менен жетти. "Адамдын бир өмүрү көзү тирүүсүндө өзү менен бирге жашаса, экинчи өмүрү көзү өткөндөн кийин артында калган эмгеги менен жашайт" деген накыл кепте калет жок.

Бурул Каримовна башкалар үчүн камкор эне, сүйкүтүү жар, мыкты кесиптеш, күйүмдүү тууган, дос, теңтуш катары таанылса, биз үчүн билгенин аябаган, түз жолго багыттаган, катары калыңдаган, кайраты жалындаган устат катары жүрөгүбүздүн төрүндөгү адам эле.

Каримовадан өткөнүбүз студент эсебине кирип, катуу талап менен бекем билим алдык. Университетти бүткөнүбүздө көрөгөчтүк менен илим сапарына жөнөтүп, кадырын салып, өбөлгө түзүп, келечегибизге ак жарык, жакшылыктарыбызга себепкер болуп берди. Бул устат катары эженин өзүнүн окуучуларынын өсүүсүнө салымын кошуп, багытын аныктап, арыгын чаап, шакирттерди тарбиялоого өзгөчө көңүл бургандыгынын далили.

Эстүү адамдар мыкты энциклопедия менен барабар. Эжебиздин сергек акыл-эси, талбаган мээнеткечтиги, илимдеги чымырканган өжөрлүгү, чечкиндүү мүнөзү, турмуштагы адамгерчилиги, шайыр, шатыра-шатман чыйрактыгы ар качан бизге үлгү, мол тажрыйбасы – бизге терең нуска эле. Принципиалдуу уюштургуч жетекчи, илимпоз - педагог катары өзүнө жана кол алдында иштегендерге талапты так, туура жана катуу кое билгендиги эжекеге тийиштүү өзгөчөлүк.

Бүгүн устатыбыз Бурул Каримовна арабызда болгондо 85 жаш курагын биз менен бирге белгилемек. Аттиң арман. Бурул эжекенин жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун. Сиздин элесиңиз ар дайым биз менен бирге болот!

**Каныбек Раимбеков,**
**БИК, профессор, ОшМПУнун окуу иштери**
**боюнча проректору**

# "Ырга шыктуу, спортко жакын болчу"

Каримова Бурул Каримовна менин жана мени менен бирге окуган студенттердин эң жакшы көргөн окутуучубуз болгон. 1981-жылы ОшПИнин биология факультетине окууга кирген учурда, жогорку курста окуган студенттер "Б.Каримовадан баа алгандан кийин өзүңөрдү студентпиз деп эсептегиле" деп айтышчу. Бизди эжеке 2-курста "Өсүмдүктөрдүн систематикасы" предметинен окутту. Биз жогорку курстардын студенттеринин сөзүнөн улам эжекеден коркуп эле жүрдүк. Чындыгында бардык студенттер эжекенин предметине жоопкерчилик менен даярданчубуз. Эжеке өзү да сабакты өтө жоопкерчилик менен, студенттерге жеткиликтүү кылып өтчү. Сабакка кечигип келүү же бир иши чыгып келбей калуу дегенди көрбөдүк. Бирок, убакыттын өтүшү менен, эжекени жакындан билген сайын, анын талапты катуу коюу менен бирге адилеттүү жана студенттерге өз баласындай мамиле жасай тургандыгын билдик.

Ошол мезгилде биз ойлочубуз, эмне үчүн эжекени баары сыйлашат деп. Көрсө, туура талап коюп, маселени адилеттүү чечсе, бардык нерсенин чегин билсе, айланадагы адамдарды сыйласа, адам өзү да сый-урматка татыктуу болот тура. Коркуп жүрүп эжекенин сабагын баарыбыз эң жакшы өздөштүрүп алыптырбыз. Жыйынтыгында группадагы дээрлик бардык студенттер экзаменди ийгиликтүү тапшырышты.

Андан бери канчалаган жылдар өттү. Тагдырдын буйругу экен, Бурул Каримовна менен бирге иштешип калдык. Эжекенин ишине болгон жоопкерчилиги, талапты коё билгендиги, адилеттүүлүгү биз студент мезгилде көргөндөн да жогорулады. Ошол себептен эжекенин окутуучулар жана студенттер жамаатында кадыр-баркы өстү. Бурул Каримовнанын дагы бир жакшы сапаты - анын мээнеткечтиги, ошонун негизинде көптөгөн жетишкендик-терди багынтты. Түштүктө аялдардын арасынан биринчилерден болуп, биология илимдеринин доктору диссер-тациясын коргоду. Профессор Б.К.Каримова өз мезгилинде альгофлора багыты боюнча өзүнүн мектебин түзгөн жана бул мектеп көптөгөн илимий ийгиликтерди жаратып, ал жетишкендиктер өндүрүштө кеңири колдонулду. Учурунда бул багыт боюнча Б.К.Каримова Кыргызстанда гана эмес, Орто Азияда белгилүү адис болгон. Эжеке илимпоз гана эмес эң жакшы тарбиячы, анын колунан билим-тарбия алгандардын ичинде көптөгөн илимдин докторлору, кандидаттар жана педагогдор, коомдук ишмерлер чыккан.

Эжекенин ырга шыктуу, спортко жакын болгондугункөпчүлүкбилсекерекдепойлоймун. Бизди 2-курста окутуп жүргөндө "Кайыңдар" жөнүндө сабак өтүп жатып: "Ак кайың койдум атыңды, Окудум жазган катыңды...." деп ырдап сабак өткөнү, кийинки учурларда биз менен кошо топ ойногон мезгилдери алиге чейин баарыбыздын эсибизден чыкпай жүрөт.

**Эркебаев Тажимамат,**
**БИК, доцент, ОшМУнун табигый**
**ресурстар борборунун директору**

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Г.Жутанова, А.Батыралиев, Б.Оморкулов, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы

**Корректор:** М.Турсунбекова
**Фото кабарчы:** Р.Максутов
**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 1300 Буюртма №565

# ОКУТУУНУН ЗАМАНБАП ТЕХНИКАЛАРЫ

Мугалим кесиптик жактан эң мыкты билимге ээ болгонуна карабастан окутуу методдоруна көңүл бурбаса, максатка жетүүсү мүмкүн эмес. Андыктан, окутуунун төмөнкү техникаларын эске алуусун сунуштайбыз.

## Түшүндүрүү усулу

Бул усул мугалимдин кайсы бир теманы белгилүү бир ирээти менен окуучуларга түшүндүрүү менен колдонулат. Эгер мугалимдин жаңсоолору (жест, мимикалары) теманы жандуу түшүндүрүп, окуучулардын кызыккан темаларын жана алардын психологиялык абалын дайыма эске алган учурда жакшы жыйынтыктарды бере турган ыкмалардан.

## Суроо-жооп усулу

Бул усул окуучулардан бир нече суроолордун суралып берилген жоопторду анализдөө менен ишке ашырылган метод деп айтсак болот. Бул методдо мугалим түшүндүрө турган тема боюнча окуучуларга сабактан мурун даярдалган суроолорду сурайт жана суроого берилген жоопторду негизинде окутат. Суроо-жооп методунда таасирдүү суроолорду даярдоо окуучулардын сабакка кызыгуусун арттырып, алардын ойлонуусун күчөтөт жана ар түрдүү талант-шыгынын өнүгүшүнө себеп болот.

## Көйгөйлөрдү чечүү усулу

Бул усулда темалар жашоодон алынат. Тема белгилүү бир суроо же көйгөй иретинде колго алынат. Окутуу методу - суроону же көйгөйдү чечилүүсү үчүн жасалган бардык иш-аракетти ичине камтыйт. Бул метод менен сабак өткөн мугалим алгач теманы түшүндүрөт, андан соң темага байланыштуу кээ бир маалыматтарды берет. Ыкманын шартына ылайык, мугалим проблеманын өзүн жана аны чечүү жолдорун окуучуга калтырат. Окуучулар да өз алдынча же тайпа иретинде проблемманы чечүүгө умтулуп, теманы ар тараптуу анализдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Тилекке каршы, көйгөйлөрдү чечүү методу биздин мектептерде өтө сейрек колдонулган ыкмалардан. Окуучуларыбызды жашоого даярдап, инсан болуп калыптануусуна көмөк көрсөтүп, аларды өз алдынча ойлонгон жана активдүү кыла турган бул методду сабактарыбызда көбүрөөк колдонуубуз керек.

## Группа менен иштөө усулу

Бул усул окуучуларды группаларга бөлүп, белгилүү темаларга мурунтан даярданып, изилденип келген соң класста айтып берүүсү болуп саналат.

Теманын өзгөчөлүгүнө жараша үчтөн бешке чейин кээде андан да көп окуучулар теманы талдоо үчүн бир группаны түзүшөт. Изилдөөлөргө караганда, эң эффективдүү группа болуп 3-5 окуучудан ашпаган тайпа эсептелет.

Бул ыкма окуучуларды жоопкерчиликтүүлүккө үйрөтүү менен менменсинүүнүн ордуна «Биз» дегенде командалык идеяга сугарылат. Окуучу өз алдынча изденүү жөндөмдүүлүгү менен башкаларга (группага) пайда келтире ала тургандыгын сезет. Мына ушул сезимдерди окуучуларда жарата алгандыгы үчүн бул ыкма маанилүү болуп саналат.

## Байкоо усулу

Байкоо усулу деп, сабак учурунда болуп жаткан кыймыл-аракеттин, абалдын, окуянын күңгөй-тескейин анализге алууну айтабыз. Изилдөө алдын ала пландын негизинде жүргүзүлөт. Байкоо методунун мааниси окуучунун маалымат алуусуна, сезим органдарынын өрчүшүнө, дүйнө таанымынын байышына салымы чоң.

## Сабакка кызыгуу туудуруу усулу

Окуучулардын оңой үйрөнүшү үчүн билим берүүдө сөзсүз түрдө "көңүл ачуу" менен "каалоо, кызыгуу" бири-бири менен жуурулушуп берилүүсү зарыл. Көңүл ачуу жана кызыктыруу (мотивация) окутуу ыкмаларынын эң негизги бир бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан балдарыңызды окутууда көңүл ачуу менен камтылган оюн-зооктор өз каалоолоруна кызыктыруу болуп саналат.

Окутууда көңүл ачуучу жана сабакка кызыктыруучу атмосфераны түзүүбүз зарыл. Сабактардагы коркутуу-үркүтүүлөр жана кыйноолор окуучунун үйрөнүүгө болгон каалоосун кыйратат. «Көңүлсүз аш - баш оорутат» демекчи, чын ыкластан сабакка кызыкпаган окуучудан ийгилик күтүү акылга сыйбаган жорук. Эксперименттке ылайык, алтынчы жана жетинчи класстын окуучуларынан «Сабак дегенде оюңарга эмне келет?" деп сурашканда, алган жооптору чындыгында таң калычтуу, ары коркунучтуу болгон: "Толтура керексиз нерселер", «Зериккендик», «Жөн гана кыйноо", "Дал эле басырык баскан түш", "Эч пайдасы жок убакыт".

Дал ушундай жооп берген окуучулардан ийгилик күтө албайбыз. Ийгиликсиздикке алып бара турган сабактар үчүн "окуучулардын көңүл кош мамилелерин" күнөөлүү деп айтууга болбойт. Бул жерде окуучунун көңүлүн сабакка бура албаган, кызыгуу жарата албаган мугалимдер күнөөлүү. «Бир нерсени үйрөнүш үчүн, алгач аны сүйүү зарыл» деген принципке ылайык, мугалим темага окуучунун көңүлүн буруп, кызыгуу жаратып сүйдүрө албаса, мындай сабактан ийгилик күтүү мүмкүн эмес.

АКШнын Сан-Диего штатында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө окуучунун каалоосуна ылайык көңүл ачуу аркылуу өтүлгөн сабактардын окуучулары сынак тапшырууда көбүрөөк ийгиликке жетишкен. Алты жумадан соң өткөрүлгөн сынакта оюн-зоок менен коштолгон сабактарга өз каалоолору менен кызыгып катышкан окуучулар дагы да көбүрөөк ийгилик жаратышкан.

Окутууда эң кеңири таралган ыкма - окуучуларга белгилүү бир теманы берүү же түшүндүрүү жана ал теманы канчалык деңгээлде түшүнгөндүгүн сынактарда өлчөө болуп саналат. Бирок бүгүнкү күндө окуучунун сабакка болгон кызыгуусун арттыруу максатында жаңыча билим берүү идеясы пайда болду. Ал идея, сабак өтүлө турган китептердин ар бир сүйлөмүн «суроо» форматында жазып чыгуу. Себеби суроо ойлонууга түрткү болуп, баланын көңүлүн бир жерге топтоого жардам берет. Ал эми азыркы күнүбүздөгү суроолор көбүнчө ойлонууну аксатып, адамды жалкоолукка түртүүдө. Эгер окуучуларыбызды ойлоп табуучулук, билгичтик сыяктуу тунук акыл-эске ээ болууну каалasaңыз, аларга даяр жоопторду берүү ордуна өзүнүн ойлонуусуна себеп боло турган суроолорду берүү максаттуу.

## Технологияны жана окуу материалдарын колдонуу усулу

Маалыматты окуучуга жеткирүү үчүн ишти жеңилдетүү максатында окуу материалдары колдонулат. Көптөгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, окутуу ар түрдүү материалдар жана ыкмалар менен байытылса, үйрөтүлгөн нерселердин эсте калуусу жогору болот. Сезүү органдарыбыздын канчалык көпчүлүгүнүн катышуусу аркылуу үйрөтүлгөн маалыматтар көпкө чейин унутулбай турганы да далилденген. Көңүлдү өзүнө бурган, бир канча сезүү органына таасир берген программалар сабактын сапаттуулугун жогорулатат. Мугалим окуу материалдарын канчалык көп пайдаланса, окуучулардын сабактагы ийгилигин ошончолук деңгээлде жогорулатат. Көрүү жана угуу материалдары колдонулбаган, жаңы техника менен жабдылбаган, жалгыз гана мугалимдин айтуусунан башка эч бир сезүү органына таасир бербеген окутуу эсте аз калат. Окутуу акылга жана башка сезүү органга таасир эткенде, окуучунун түшүнүүсү жана кабыл алуусу кыска убакытта ишке ашары аныкталган. Үйрөнүүгө сезүү органынын көбү катышса, окуучу теманы үчүн ошончолук бат жана мыкты үйрөнүп, эсинде бекем сактап калат.

### АКШдагы Техас университетинде жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгына ылайык, белгилүү бир убакыттан кийин эстөө пайызы төмөндөгүдөй болуп көрсөтүлгөн:

- Окугандар 10% эстеп калган;
- Көргөндөр 30% эстеп калган;
- Уккандар 20% эстеп калган;
- Угуп жана көргөндөр 50% эстеп калган;
- Көрүп, угуп жана кайра айтып бергендер 80% эстеп калган;
- Көрүп,угуп, кармап жана айтып бергендер 90% эстеп калган.

Албетте, бул бизге өтүлгөн сабак окуучулардын эсинде көпкө калышы үчүн темага байланыштуу фильмдерди, слайддарды, сүрөттөрдү же дисктерди сөзсүз түрдө пайдалануу керектигин көрсөтүп турат. Өзгөчө бүгүнкү күнүбүздө сыналгы жана компьютер менен чоңойгон балдардын монотондуу сабакка көңүл буруусу өтө кыйын нерсе. Эгер бул жагдай алдын алынбаса, билим берүүнүн сапаты улам төмөндөй берет. Кыска-нуска, таасирдүү, кызыктуу жана ошону менен бирге эле оюн-зоок менен коштолгон сабактар аркылуу гана окуучуларга таасир берүү жана аларды өзүбүзгө тартуу мүмкүн. Жалгыз гана окутууну тездетүү жана таасирдүү кылуу үчүн колдонулган фильмдер слайддар, макеттер сыяктуу окутуу материалдары убакытты өткөрүш үчүн эмес, сабак учурунда сабактын таасирдүүлүгүн арттыруу үчүн колдонуу керек.

### Окуу материалдарынын жалпы пайдалары:

1. Теманы көз алдыбызга жандандырат.
2. Окууну оюн аркылуу үйрөнүүгө шарт түзөт.
3. Чаржайыт болгон темаларды түшүнүүнү жеңилдетет.
4. Жаңы нерсени үйрөнүүгө каалоону күчөтөт.
5. Тема боюнча практика жасоого жана көнүгүүгө шарт түзөт.
6. Мугалимдин сабакты түшүндүрүүсүнө жардамчы болот.

Бүгүнкү күнүбүздө компьютердин билим берүү системасына кириши менен окуу материалдары да жаңыча мааниге ээ боло баштады. Социалдык тармактардагы материалдар, компьютердик лабораториялар жана башка болуп көрбөгөндөй ылдамдык менен өсүп жаткан технологиялар билим берүү системасына күн сайын кошулууда.

Сабакты дагы да таасирдүү жана пайдалуу өтүү үчүн ар бир мугалим төмөнкү суроону өзүнөн сураш керек: "Кайсы материалды колдонсом гана окутуу дагы да кызыктуу жана пайдалуу болот?" Өзгөчө технологияны эң мыкты деңгээлде колдоно алган мугалимдер окуучуларга жакшы таасир калтырат. Дал ушундай мугалимдер технологияны мыкты өздөштүрүүсү аркылуу окуучуларга мотивация жаратып, мыкты үлгү боло алышат.

### Мугалим сабакта колдонулуучу окуу материалдарды тандоодо төмөнкү факторлорго көңүл бурулушу зарыл:

1. Окуучулар колдоно ала тургандай ыңгайлуу болуусу;
2. Окуучулардын физикалык жана психикалык жаш курагына дал келүүсү;
3. Оңой, жөнөкөй жана түшүнүктүү болушу;
4. Сабактын максатына дал келүүсү абзел;
5. Сабактын темасын ачып берүүгө жана корутундулоого керектүү маалыматтардын камтылышы;
6. Чыныгы жашоону чагылдырып, окуучуларга көнүгүү жана иш жүзүнө ашыруу мүмкүнчүлүгүнүн түзүлүшү.

## Окуучунун инсандык сыпатын эске алып түшүндүрүү усулу

Ар бир адам өзгөчө жаратылган. Ар бир инсан акылы, жөндөмдүүлүгү, физикалык абалы, максаттары жана кыймыл-аракети жагынан өзгөчөлүктөргө ээ. Адамдын жаратылышынан келген бул өзгөчөлүктөрдү эске алуу окуу-тарбия ишинде негизги мааниге ээ. Мугалим сабагын өтүп жаткан окуучулар бири-биринен айрымаланган инсандар экенин терең түшүнүүсү керек. Бардык окуучуларды бирдей деп ойлоп сабак өткөн мугалим билим берүүдө каалаган жыйынтыкты ала албайт.

Окутуу жана тарбиялоо жумушу ар бир окуучунун инсандык сыпаттарын эске алганда гана биз каалаган жыйынтыкка ээ болорубуз бышык. Мугалим окуучусунун жөндөмдүүлүгүнө жана табиятына туура келген инсандык сапаттарынын жана аң-сезиминин өзгөчөлүгүн эске алып, окутуу жана тарбиялоо иш-аракетине киришүү зарыл. Болбосо мугалимге ата-эне тарабынан аманат кылынган балдардын ички потенциалы унутта калып, талант-шыгы ачылбай купуя бойдон түбөлүк калып кетиши мүмкүн.

**"МУГАЛИМДЕРГЕ КЕҢЕШ"**
**китебинен алынды**

**Редактору: Т.Алдакулов**